Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации
Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту
Independent Institute of Accreditation, Rating and Certification

«МАКУЛДАШЫЛГАН»
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.

Протокол № 9
04.07.2024-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Директор Кошоева Б.Б.

Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН (НЕГИЗГИ ЖАНА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН) ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО ҮЧҮН ТЫШКЫ БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Критерийлери | Шайкештиктик индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Шайкеш келбейт | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келет |
| **1. Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык жактан камсыздалышы** | | | | |
| 1.1. | Окуу пландын жана программаларындын билим берүү стандартына, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптын муктаждыктарына шайкеш келүүсү. | Шайкештик жок | Окуу планы жана программасы билим берүү стандартынын жана базалык окуу планынын талаптарына жооп берет, бирок муктаждыктарды талдоо же жүргүзүлбөйт, же кызыкдар тараптардын муктаждыктарына дал келбейт. | Окуу планы жана программасы билим берүү стандартынын, базалык окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын муктаждыктарына жооп берет. |
| 1.2. | Окуу-методикалык камсыз кылуунун билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келүүсү жана кызыкдар тараптардын муктаждыктары | Шайкештик жок | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына толук же жарым-жартылай жооп берет. Кызыкдар тараптардын муктаждыктары эске алынган эмес. | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын муктаждыктарына толук жооп берет. |
| 1.3. | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын болушу (окуу – методикалык адабияттар фонду окуучулардын контингентине карата, анын ичинде окутуу тилдери боюнча) | ОМК камсыздуулугу 50% дан аз% | ОМК камсыздуулугу окутуу тилдеринин ар бири боюнча 50дөн 80% га чейин түзөт. Маалыматтык ресурстарды, анын ичинде электрондук ресурстарды толуктоо үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөр колдонулат. | ОМК камсыздуулугу окутуу тилдеринин ар бири боюнча 80% дан ашыкты түзөт. Уюмда ар кандай маалыматтык ресурстарга, анын ичинде электрондук ресурстарга мүмкүнчүлүк бар. |
| 1.4. | Окуу-методикалык камсыздоо жана билим берүү программасын жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын | Бекитилген жана колдонуудагы механизмдердин жоктугу | Кызыкдар тараптардын канааттануусун, керектөөсүн камсыз кылуу, күтүүлөрдү мезгил-мезгили менен баалоонун жана маалымат менен маалыматтык | Кызыкдар тараптардын канааттануусун, керектөөсүн камсыз кылуу, күтүүлөрдү мезгил-мезгили менен баалоонун жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | канааттануусун, керектөөсүн камсыз кылуу, күтүүлөрдү мезгил-мезгили менен баалоонун жана маалыматтык коопсуздуктун колдонуудагы механизмдеринин болушу. | | коопсуздуктун механизмдери бекитилген. | маалымат менен маалыматтык коопсуздуктун механизмдери бекитилген жана колдонулат. |
| ***2. Компетенттүүлүк окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо*** | | | | |
| 2.1. | Пландаштырылган окуу максаттарынын болушу. | **Көрсөтүлгөн эмес / жок** | Окуу максаттары окуу жайдын, методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкаркы иштердин пландарында жана программаларында коюлган. Максаттар ГОСТко туура келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. | Окуу максаттары билим берүү уюмунун, методикалык бирикмелердин пландарында жана программаларында коюлган. Максаттар ГОСТко туура келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Окутуунун максаттары сабактын пландарында окуучунун позициясынан коюлат жана ГОСТко ылайык келет. |
| 2.2. | Окуу-тарбиялык процессте инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу. | Маалыматтар / далилдер жок же кээ бир мугалимдер тарабынан колдонулат . | Мугалимдер менен методикалык иштөөнүн, инновациялык технологияларды жана методдорду мугалимдердин колдонуусуна мониторинг жүргүзүүнүн далилдери бар. Мугалимдердин | Мугалимдер менен системалуу методикалык иш жана инновациялык технологияларды колдонуу мониторингдин жана мугалимдердин сабакта активдүү окутуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | кеминде 50% ы ИКТны жана окутуунун инновациялык ыкмаларын жакшы билишет жана аларды практикада колдонушат. | ыкмаларын колдонуу далилдери бар. Сабактарды даярдоодо жана өткөрүүдө ИКТны пайдалануу, окуучулардын жетишкендиктерин контролдоо жана баалоо үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдердин кеминде 80% ы ИКТны жана окутуунун инновациялык ыкмаларын жакшы билишет жана аларды практикада колдонушат. |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана тууралоодо кайтарым байланыш механизминин болушу. | Окуучулардан, кесиптештерден, ата-энелерден жана мугалимдердин өзүн-өзү талдоосунан кайтарым байланыш механизмдерине эч кандай далил жок. | ББУда сабактарга өз ара катышуу кийин талдоо менен жүргүзүлөт, мугалимдердин өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат. Кайтарым байланыш максатында ата-энелер чогулуштары, сурамжылоолор өткөрүлөт. Окуучулардан кайтарым байланыш үчүн системалуу практика жок. | ББУда сурамжылоо, анкета ж. б. түрүндө окуучулардан жана ата-энелерден кайтарым байланыш алуу процесси уюштурулган жана талданган. "Электрондук күндөлүк"системасы колдонулат. Дайыма мугалимдердин иш ыкмаларын жана технологияларын тууралоо максатында сабактар жана окутуунун натыйжалары боюнча талдоо жана өзүн-өзү талдоо жүргүзүлөт. |
| 2.4. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуу | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | Бекитилген эмес, же колдонулат\бекитилген, бирок | Окуучулардын жетишкендиктерин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жетишкендиктерин баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу . | жол-жоболорун жана инструменттерин, баалоо ченемдерин жана критерийлерин колдонуунун далилдери бекитилген эмес же жок. | окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жол-жоболорун жана инструменттерин колдонуунун, ГОСко ылайык баалоо ченемдерин жана критерийлерин пайдалануунун далилдери, сапатты баалоо системасы жөнүндө Жобо жок. | баалоонун жол-жоболору жана инструменттери, баалоонун ченемдери жана критерийлери (мисалы, жазуу иштери, окуу көндүмдөрү, долбоорлор ж.б.) бекитилген жана колдонулат. Салттуу жазуу же оозеки жумуштар менен катар долбоорлор, практикалык жана изилдөө иштери, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоо ыкмалары колдонулат. Предмет жана класстар боюнча жетишкендиктерди баалоо мониторинги дайыма жүргүзүлүп турат, жыйынтыктардын жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан чаралардын талдоосу көрсөтүлгөн. |
| 2.5. | Баалоо жыйынтыктары жана жол-жоболору, колдонулган эрежелер жөнүндө окуучуларга маалымдоо системасынын болушу, ошондой эле аларды кайра карап чыгуу жол-жоболорунун болушу. | Жок /көрсөтүлгөн эмес. | Окуучуларга маалымат берүүнүн жол-жоболору жана жолдору көрсөтүлгөн. | Окуучуларга маалымат берүүнүн дайыма колдонулган жол-жоболору жана жолдору көрсөтүлгөн, алардын натыйжалуулугу негизделген. Апелляция жол-жобосу түзүлгөн. |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана | Жок /көрсөтүлгөн эмес | Билим берүү процессинде ден | ББУда коопсуз, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу. | | соолукту сактоочу ыкмаларды үзгүлтүксүз колдонуунун далилдери бар. Психологиялык, медициналык кызматтын, социалдык педагогдун ишине талдоо көрсөтүлгөн. | өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу үчүн колдонулган ыкмалар көрсөтүлдү, чөйрөнүн коопсуздугуна баа берилди, ББУда өнүктүрүүчү билим берүү жана коопсуз чөйрө боюнча көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлгөн, аккредитациялык мезгил ичинде чөйрөнүн жакшырышы байкалды. |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоо боюнча окуучулардын жыйынтыгы, системалуу мониторинг жүргүзүү динамикасы. | Маалыматтар жок/терс динамика / динамика жок, мында себептерди талдоо жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жок. | Мониторингдин 5 жылдык маалыматтары бар, маалыматтарды талдоо жана аларды жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар берилген. Натыйжалар кээ бир оң динамиканы көрсөтөт же олуттуу өзгөрбөйт. Жыйынтыгы боюнча 5 жылдык динамиканын анализи келтирилген: - МЖА (9 жана 11-класстар) - мектеп ичиндеги | 5 жылдык мониторинг маалыматтары бар, маалыматтарды талдоо берилген. Натыйжалар оң динамиканы же туруктуу жогорку деңгээлди көрсөтөт. Жыйынтыгы боюнча 5 жылдык динамиканын анализи келтирилген: - МЖА (9 жана 11-класстар); - мектеп ичиндеги мониторинг ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо упайын, тандалуучу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | мониторингдер ЖРТ(катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо упайын, тандалуучу предметтердин диапазонун көрсөтүү менен) - УТБ (ыктыярдуу тестирлөө). | предметтердин диапазонун көрсөтүү менен); - УТБ (ыктыярдуу тестирлөө). |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына жооп кайтаруунун иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу. | Жол-жоболор же маалымат жок. | - | Жол-жоболор иштелип чыккан жана күчүндө. |
| ***3. Кадр саясаты*** | | | | |
| 3.1. | Билим берүү программасында педагогикалык кызматкерлердин квалификациясынын жана билиминин шайкеш келиши. | Педагогикалык курам толук комплекттелген эмес же квалификациялык талаптарга жана/же педагогикалык билим берүү профилге дал келбейт. | - | Педагогикалык курам квалификацияга жана билимге коюлган талаптарга ылайык толук камсыздалган (адистикке ылайыктуулугун кошкондо). |
| 3.2. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуучу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу, ошондой эле билим берүү процессинин | Жол-жоболор же маалымат жок. | Физикалык жана психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү камсыз кылган механизм жана жол-жоболор бар. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор белгиленген, ошондой эле билим берүү процессинин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоо, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуу. | | | катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоонун жана анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуунун далилдери бар. |
| 3.3. | Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасынын болушу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивация. | Мугалимдердин 10% дан азы мурунку окуу жылында ББУдан тышкары квалификациясын жогорулаткан, же беш жылдын ичинде 50% дан азы. Мектеп деңгээлинде кесиптик өнүгүү пландары (стратегиялык пландын бир бөлүгү катары) жана жеке пландаштыруу практикасы жок**.** | Мугалимдерди кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу системасы иштейт: - жыл сайын мугалимдердин 15% дан кем эмеси (75% - беш жылдын ичинде) өз квалификациясын жогорулатат аралыктан окутууну кошкондо курстарда, семинарларда, тренингдерде, ББУдан тышкары<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат;<br>- КМнын насаатчылары, жетекчилери жана активдүү мугалимдер дем берүүчү фонддон колдоого алынат. Бирок, кесиптик өнүгүү муктаждыктарын баалоо системасы, мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнүн жекече пландары жок. | Мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасы бекитилген жана иштеп жатат:<br>- окутууга болгон муктаждыктарды жыл сайын баалоо жүргүзүлөт;<br>- анализдин негизинде проф. мектеп үчүн өнүгүү пландары түзүлөт (ББУнун стратегиялык жана жылдык планынын бир бөлүгү катары);<br>- мугалимдер өздөрүнүн жеке кесиптик өнүгүү пландарын иштеп чыгышат. Жыл сайын кеминде 20%% мугалимдер (100% - беш жылдын ичинде) курстарда, семинарларда\ \ тренингдерде өз квалификациясын жогорулатышат (аралыктарды кошкондо) ББУдан тышкары;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | - насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат; - КМнын насаатчылары, жетекчилери жана активдүү мугалимдер дем берүүчү фонддон же башкалардан колдоого алынат. |
| ***4. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар*** | | | | |
| 4.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал) болушу. | Окуу имараты авариялык абалда / Материалдык ресурстар жетишсиз / маалымат жок. | Окуу имараттары жана жайлар канааттандырарлык абалда. Материалдык ресурстар жетишсиз, бирок акыркы жылдары оң динамика байкалууда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 30дан ашык% түзөт. | Окуу имараттары жана жайлар канааттандырарлык абалда, коопсуздук көрсөткүчтөрү, саны, сапаты жана жеткиликтүүлүгү жакшырган. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 50% дан ашыгын түзөт. |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери). | Дал келгендик/ маалымат жок. | - | Коопсуздук талаптарына толук шайкеш келет. |
| 4.3. | Материалдык-техникалык | Механизмдер жок / | МТБ жана маалымат ресурстарын | МТБ жана маалымат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу. | маалыматтар жок. | жакшыртуу боюнча талдоо жана пландар бар. | ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо жана пландар бар. Өзгөрүүлөрдү көрсөтүү үчүн маалыматтар берилген. |
| 4.4. | Билим берүү уюму кеңири коомчулукка жана кызыкдар жактарга маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, интернет-ресурстар, маалыматтык тармактар, ББУ сайты ж. б.) колдонушу. | Маалыматты жайылтуунун жолдору жок. | Билим берүү уюму маалыматты жайылтуу жолдорун колдонот. (ББУнун сайты, ар кандай интернет-ресурстар). | Кеңири коомчулукка жана кызыкдар жактарга маалымдоо үчүн маалыматты жайылтуунун ар кандай ыкмалары колдонулат (анын ичинде ММК, интернет-ресурстар, маалыматтык тармактар, ББУ сайты ж.б.). |

**Программалык аккредитациялоодо минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынды таблица**

| | Минималдуу талаптар | Бардык критерийлер | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келбейт | Аткарылууда/ аткарылган эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык жактан камсыздалышы | 4 | 2 | 2 | 0 | Аткарылууда |
| 2 | Компетенттүүлүк окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо | 8 | 3 | 1 | 4 | Аткарылган эмес |
| 3 | Кадр саясаты | 3 | 1 | 1 | 1 | Аткарылууда |
| 4 | Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар | 4 | 1 | 1 | 2 | Аткарылган эмес |